**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ**

**ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2017-жылдын 16-октябры, № 671

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу китептерин ижарага берүүнү этап менен киргизүү**

Жалпы билим берүү уюмдарын окуу китептери менен камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү максатында, "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу китептерин ижарага берүү тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:

- эки жумалык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу китептерин ижарага берүүнү этап менен киргизүү графигин бекитсин;

- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында бир окуу жылына окуу китебин пайдалануу үчүн ижара акысынын өлчөмүн аныктасын;

- жалпы билим берүү уюмдарын окуу китептери менен камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен биргикте окуу китептеринин жүгүртүү фондун түзүү жана пайдалануу боюнча сунуштарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына киргизсин;

- окуу китептерин ижарага берүүнү этап менен киргизүү маселелери боюнча жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнө жүктөлсүн.

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **С.Ж.Исаков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ**

**ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 16 октября 2017 года № 671

**О поэтапном введении аренды учебников в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики**

В целях создания условий для обеспечения общеобразовательных организаций учебниками, в соответствии с Законом Кыргызской Республики «Об образовании», статьями 10 и 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Правительстве Кыргызской Республики» Правительство Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить Порядок аренды учебников в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики согласно приложению.

2. Министерству образования и науки Кыргызской Республики:

- в двухнедельный срок утвердить график поэтапного введения аренды учебников в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики;

- определить размер арендной платы за пользование учебником на один учебный год в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики;

- в целях обеспечения учебниками общеобразовательных организаций совместно с Министерством финансов Кыргызской Республики внести предложения по созданию и использованию оборотного фонда учебников в Аппарат Правительства Кыргызской Республики;

- провести информационно-разъяснительную работу среди родителей (законных представителей) учащихся общеобразовательных организаций по вопросам поэтапного введения аренды учебников.

3. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на отдел образования, культуры и спорта Аппарата Правительства Кыргызской Республики.

4. Настоящее постановление вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Премьер-министр** **С.Дж.Исаков**